МАКУЛДАШЫЛДЫ
Кесиптик биримдик уюмунун төрагасы

БЕКИТЕМ
Мектеп директору
Юсупжанова А.
29-01-2022ж

# Мектеп кызматкерлерин жумушка кабыл алуу жана жумуштан бошотуу тартиби жөнүндө НУСКАМА

## 1. Жалпы тартиптер

1. Жумушка кабыл алуу жана кызматтык милдеттерди аткаруу процедуралары мектеп кызматкерлеринин натыйжалуу ишмердигинин белгилери болуп саналат, *(Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 2004-жылдын 4-августундагы №107 мыйзамы)*
2. Мектептин жетекчиси чыр-чатактуу кырдаалдардан жана мыйзамдын талаптарын бузуудан оолак болуш үчүн персоналды башкаруу боюнча бардык процедураларды сакташы керек.
3. Мектеп кызматкерлеринин чеберчилик талаптары Кыргыз республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет. Кызмат милдеттерин аткаруу боюнча нускамалар белгилүү кызматты ээлеген адам аткаруучу функцияларды, укуктарды, милдеттерди өзүнө камтыйт.

## 2. Мектеп кызматкерлерин жумушка кабыл алуу жана жумуштан бошотуу

4. Мектепке жумушка кабыл алуу келишим/ эмгек келишиминин негизинде жүргүзүлөт, *КР ЭК 54-статья*
5. Жумушка кабыл алууда мектеп администрациясы жаңыдан келген кызматкерден төмөнкү документтерди талап кылууга милдеттүү:
   - Паспорт;
   - Эмгек китепчеси, ал эми адам биринчи жолу ишке орношуп же кошумча жумушка келип жатса, талап кылынбайт;
   - Пенсиялык камсыздандыруу күбөлүгү;
   - Ден соолугу жөнүндө медициналык маалымдама;
   - Билими жөнүндө документ, кесиптик чеберчилигин жогорулатуу тууралуу сертификаттар;
   - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык керектүү башка документтер.
6. Талапкер менен таанышуу максатында мурдатан даярдалган суроолор боюнча маек жүргүзүү.
7. Жумушка кабыл алуу жөнүндө буйрук чыгарылат, буйрук менен ишке жаңы кабыл алынган адам таанышып, буйрук менен тааныштым деп кол коёт. Эгерде келишим/эмгек келишими түзүлсө, жумушка кабыл алуу башка тийиштүү документтер менен тастыкталган/тастыкталбаганына карабастан,

адамдын ишке киришүүсүнө негиз болот. Эгерде келишим/эмгек келишими биринчи жолу түзүлүп жатса, анда мектеп администрациясы кызматкерге эмгек китепчесин жана мамлекеттик пенсия боюнча камсыздоо күбөлүгүн даярдайт. *КР ЭК 63-статья, 65-статья*

8. Кызматкер жумушка алынганда мектеп администрациясы төмөнкүлөрдү аткарууга милдеттүү:

   - Кызмат милдеттери, эмгек жана айлык акы алуу шарттары менен тааныштырып, анын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрүп берүү;
   - Ички эмгек тартиби жана мекемеге тиешелүү башка актылар менен тааныштыруу;
   - Коопсуздук техникасы, өрттөн сактануу жана башка эрежелер боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.

*9.* Келишим/ эмгек келишиминин токтотулушу. Кыргыз Республикасынын эмгек боюнча мыйзамдарынын негизинде гана ишке ашышы мүмкүн. Бардык учурда акыркы жумуш күнү иштен бошотулган күн болуп эсептелинет. *КР ЭК 9-глава, 79-статья*

*10.* Кызматкер мөөнөтү чектөөсүз түзүлгөн келишимди/эмгек келишимди мектеп администрациясына эки жума (14 календардык күн) мурда алдын ала айтуу менен жоё алат. *КР ЭК 80, 81, 82, 83, 84-статья*

11. Мөөнөтү чектелген келишим/эмгек келишими анын белгиленген мөөнөтү аяктагандан кийин күчүн жоготуп, ал жөнүндө кызматкерге жумуштан бошотуудан жок дегенде 3 күн мурда жазуу түрүндө билдирилиши керек.

12. Келишим/эмгек келишиминин токтотулушу мектеп боюнча буйрук аркылуу жүргүзүлөт. Жумуштан бошотулган күнү кызматкерге эмгек китепчеси берилет. Жумуштан бошотуунун себептери учурдагы мыйзамдарга жана Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексиндеги тиешелүү берене, пунктка ылайык так жазылышы керек.

### 3. Жыйынтыктоочу жоболор.

13. Берилген жобо бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.

14. Берилген жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү мектептин педагогикалык кеңешинде берилген
сунуштар боюнча директор тарабынан киргизилет.

етка Водяной знак Общий

В.И.Ленин атындагы жатак-мектеби.

№309- буйругунан көчүрмө.

1.09.2022-жыл Шекафтар айылы

1.Бегалиева Айзат Бекмурзаевна- өз арызынын негизинде аталган мектепке мугалим болуп ишке кабыл алынсын.

2.Абдыкулова Арууке Алимбековна-өз арызынын негизинде орус тили жана адабияты адистигин бүткөндүгүнө байланыштуу аталган мектепке орус тили мугалими болуп ишке кабыл алынсын.

Директор: А.Юсупалиева

Катчы : Н. Садыкова

№346-буйругунан көчүрмө.

31.11.2022-ж Шекафтар айылы

1.Ысманалыева Жанылай – 2022-жылдын 1-декабрынан аталган мектепке өз арызынын негизинде техничка болуп жумушка кабыл алынсын.

2.Стамова Мадина-декреттик өргүүсү бүткөндүгүнө байланыштуу жумушка чыгарылсын.

Директор: А.Юсупалиева

Катчы: Н.Садыкова